**2019-2020- окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин окуу-тарбия процессинде жүргүзүлгөн иштерине анализ**

№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинде 5 мугалим эмгектенет.

Бирикменин мүчөлөрү бул окуу жылында «Окутуунун эффективдүү ыкмаларын колдонуу менен бирге окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү, орфографиялык сабаттуулугун жогорулатуу, билим сапатын көтөрүү»- деген көйгөйдүн үстүндө иштешти жана иштеп келе жатышат.

Усулдук бирикменин 2019-2020-окуу жылына карата иш планы бекитилди. Окуу планындагы предметтер боюнча мамлекеттик стандарттагы окуу программалары аткарылып жатат.

Мамлекеттик тилибиздин 29 жылдыгына карата иш пландары иштелип чыгып, уюшкандыкта өткөрүлдү жана коомдук иштер да унутта калбай өткөрүлүп жатты.

Кыргыз тили жана адабияты предметтери боюнча мектеп окуучуларынын олимпиадаларга катышуусунун даярдануусунун өзгөчөлүктөрү каралды.

Бирикме мүчөлөрүнүн портфолиолору толук, талапка жооп берет. Окуучулардын чейректер боюнча билим сапатынын жыйынтыгы чыгарылып турат.

Мектепте предметтер аралык олимпиада өткөрүлүп, жыйынтыгында шаардык олимпиадага 9-а классынын окуучусу Кутманалы кызы М, 10-а классынан А.Батирова, 11-а классынан А.Казымбекова жолдомо алышып шаардык олимпиадага катышып келишти. Жыйынтыгында шаардык турдан 9-а классынын окуучусу Кутманалы кызы Мырзагул 2-орунга ээ болуп, грамота менен сыйланды

2-чейректен баштап бардык сабактар боюнча ачык сабактарды өтүштү. Тажрыйба алмашуу максатында ар бир мугалим башка мугалимдердин сабактарына катышып жатышты. ЖРТга даярдыктар кызуу жүрүп жатты.

Ар айга УБнын аткарылган иш чаралары боюнча билдирүү жазылды, эки айга бир УБнин отурумунун протоколдору жазылып, жыйналыштары убагында өткөрүлдү. Бирикменин мүчөлөрүнүн жылдык алып барган иштери «канааттандырарлык» деп табылды.

УБ жетекчиси: Калдинова Н.С.

**2020-2021- окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин окуу-тарбия процессинде жүргүзүлгөн иштерине анализ**

№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты УБнин усулдук бирикмесинде 5 мугалим эмгектенет.

УБнин мүчөлөрүнүн катышуусунда Усулдук кеңештин жаңы окуу жылындагы календардык пландарды бирдей пландаштыруу жана окуу китептериндеги өзгөчөлүктөр, талаптар, жазуу иштеринин нормативдери такталды, иш пландар бекитилди.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тилдин 30 жылдыгына карата иш-чаралардын планы түзүлүп бекитилди. Коомдук иштер да өз убагында уюштурулуп, өткөрүлүп жатты.

Мектепте окуучулардын предметтик олимпиадаларга катышуусунун жана даярдануусунун өзгөчөлүктөрү каралып, мектепте предметтик олимпиада өткөрүлүп, шаардык олимпиадага 10-а кл. Кутманалы кызы М. Жана 11-а классынан А.Курбаналиев жолдомо алышып, шаардык олимпиадага катышып, өз билимдерин сынап келишти.

Улуу жазуучу Ч.Айтматов жана лирик акын А.Осмоновдун адабият кечесине арналган иш-чаралар өткөрүлдү.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин декадасы өткөрүлүп, максатына жетти. Биринчи жарым жылдык боюнча окуу программаларынын жана жазуу иштеринин аткарылышы боюнча маалымат берилди. Ар бир чейрек сайын билим сапат боюнча жыйынтык чыгарылды.

Усулдук бирикменин аткарган иштери боюнча билдирүү жана эки айда бир усулдук бирикменин отурумунун протоколдору жазылды.

3-чейректин 16-мартынан баштап учурдагы шартка байланыштуу (ковид) бардык класстарга сабактар онлайн түрүндө башталды.

Мугалимдер 3-4 чейректерде сабактарды аралыктан өтүштү.

УБ жетекчиси: Калдинова Н.С.

**2021-2022- окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин окуу-тарбия процессинде жүргүзүлгөн иштерине анализ**

№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесине кыргыз тили жана адабияты сабактарынын мугалимдери кирет.

Кыргыз тили жана адабияты сабактары боюнча усулдук бирикменин мүчөлөрү бул окуу жылында «Кыргыз тили жана адабияты предметин тереңдетип окутуу,улуттук педагогиканын негизинде иштөө, оозеки жана жазуу маданиятын өстүрүү, орфографиялык сабаттуулугун жогорулатуу менен бирге адабий тилде таза сүйлөп, кыргыз тилинин тазалыгы үчүн күрөшүү » деген көйгөйдүн үстүндө иштешти жана иштеп жатышат.

Жаңы окуу жылындагы календардык пландарды бирдей пландаштыруу жана окуу китептериндеги өзгөчөлүктөр боюнча талкуу жүргүзүлдү. УБнин мүчөлөрүнүн милдеттерин бөлүштүрүү каралды. Окуучуларды олимпиадаларга даярдоо боюнча иш пландары иштелип чыкты. Жазуу иштердин нормативдери такталды, окуучулардын окуу китептери менен камсыз болушу аныкталды.

КРнын Мамлекеттик тил статусун кабыл алынгандыгынын 32 жылдыгына карата салтанаттуу линейка, дубал газеталар, бурчтар, жазуу иштери, ачык тарбиялык сабактар, тегерек столдор, адабий кечелер өткөрүлдү.

Кыргыз тили жана адабияты предметтери боюнча окуучулардын олимпиадага даярдануусу жана катышуу өзгөчөлүктөрү текшерилди жана мектепте өткөрүлгөн олимпиада жыйынтыктары чыгып, шаардык олимпиадага 11-а класстын окуучусу А.Курбаналиев жолдомо алган.

«12-декабрь- Улуттук адабият күнүнө» карата иш-чаралар түзүлүп, дубал газеталар, көргөзмө-бурчтар, адабий кече, таймаш, ачык тарбиялык сабактар өткөрүлдү. тасмалар көрсөтүлүп, жазуу иштери жазылып алынды.

Бул окуу жылында бирикменин мугалимдери компьютердик курсту өздөштүрүп, сертификаттарга ээ болушту.

2-чейректен баштап ачык сабактарды өтүштү. Тажрыйба алмашуу максатында ар бир мугалим башка мугалимдердин сабактарына катышып, өз билимдерин өркүндөтүштү. ЖРТга даярдыктар кызуу жүрүп жатты. Бүтүрүүчү класстар алдындагы сынактарга даярданып жатышты. Бирикменин мүчөлөрүнүн жылдык алып барган иштери «канааттандырарлык» деп табылды.

УБ жетекчиси: Калдинова Н.С.